## 3-секция. Педагогика жана психология

**УДК 81**

***Рыскулова Г.У.*** *- ф.и.к. доцент*

# *Психологиялык абалдын туюндурулушу (Психолингвистикалык аспектиде)*

Адам турмушта жашап, ар кандай көрүнүштөр окуяларга, жоруктарга дуушар болуп, аларга ылайык кырдаал шарттар түзүлүп түрдүү психологиялык абалга тушугат. Алар адамга өз учурунда белгилүү деңгээлде таасир этип, анын натыйжасында адам дүйнөнү анын ар кандай кубулуштарын, ага карата адамдардын ар кандай мамилелерин таанып билет. Башкача айтканда коомдогу жашаган башка адамдарды өзүнүн тегерегиндегилерди тааныйт, алар менен дайыма мамиледе болот. Ошол эле учурда адам дүйнөнү, өзүн курчап турган башка адамдарды таануу менен катар алар өз ара мамиле түзүшүп, сүйлөшүшүп, кеңешишип турмуштук муктаждыктарына карай түрдүү багыттагы байланыштарды жаратышат. Мына ошол адам жашоосунун турмуштук муктаждыгын канааттандыруу максатында алар өз ара бири-бирине таасир этишип, анын натыйжасында баш мээде пайда болгон ар кандай ички реакцияларынын негизинде түзүлгөн жагдайдан, психологиялык абалдан кантип чыгуунун, андай абалды өзүнө ылайыктап ыңгайлаштыруусуна, жараша адам өзүн дагы ким экендигин таанып билет. Мына ушундай айлампа сымал айланган көрүнүштө адам, экинчи тарап же мамиле түзүүчү жак, алардын ортосунда мамиле түзүүгө өбөлгө болгон көрүнүштөр, окуялардын баары биригип келип адамдардын өзүн таануусуна алып келет. Биз сөз кылып жаткан адамдардын дүйнөнү анын кубулуштарын жана башка тегерегиндегилерди таануусунун, аларды турмуштук муктаждыктарына ылайыктап, пайдалануусу же аны ажырата билүүсүнүн башаты адамдын аң сезимдүү сүйлөшө билүүсү менен тикеден-тике байланышта экенин да унутпашыбыз керек.

Сүйлөшүү процессинде ар кандай информация белгилик каражаттарда берилиши мүмкүн, тактап айтканда – белгилердин системасы. Бирок бардык эле белгилер биздин психологиялык түрдүү абалдарыбызды аларды билдирүү муктаждыгыбызды толук канааттандыра албайт. «Адам акылына чагылган көрүнүштөр, заттар ж.б. түшүнүктү пайда кылат. Ал эми аны кайрадан информация катары берүү каражаттары ар түрдүү болот. Мисалы, абадагы сигналдар, деңиздеги сигналдык белгилер же биздин айланабыздагы көптөгөн рекламалык туюмдар деле бир жактуу түшүнүктү берүү касиетине ээ. Бирок булар коммуникация каражаттарынын милдетин аткара албайт, б.а. тилдин кошумча каражаттары катары гана кызмат аткара алат» (2.9.) Сүйлөшүү процессиндеги колдонулган каражаттарды вербалдуу жана вербалдуу эмес деп айырмалап бөлүштүрөбүз. Вербалдуу эмес каражаттарга кинестетика, паралингвистика, проксемика, визуалдык сүйлөшүүнү киргизебиз. Бул формалардын ар биринин өздөрүнүн жеке белгилик системалары түзүлгөн. Психолингвистикалык изилдөөлөрдө көбүнчө сүйлөшүүнүн проблемасына контекстик психологияны, ой жүгүртүү жана сүйлөөнү коюшат. Чындыгында сүйлөө ой жүгүртүү менен өзгөчө тыгыз байланышкан. Генетикалык жактан сүйлөшүү ой жүгүртүү менен бирге адмдын ар кандай муктаждыгын орундатуудан түзүлгөн психологиялык абалдан чыгуунун аркасында, эмгектенүүнүн натыйжасында пайда болгон жана адам баласынын коомдук-тарыхый өнүгүү процесси менен бирге өсүп-өнүгүп отурган. Аң-сезим психологиялык абалга карата адамдар ортосундагы

сүйлөшүүдөн куралат, түзүлөт, өнүгөт, натыйжада ал аркылуу биз тажрыйба алмашабыз. Мындан келип сүйлөшүүнүн белгилей кетүүчү өзгөчө формасы келип чыгат б.а. адамга гана тиешелүү, таандык көрүнүш экени. Сүйлөшүү кебине эки жак катышат – угуучу жана айтуучу. Айтуучу ойду айтуу үчүн тийиштүү сөздөрдү тандайт, аларды грамматикалык эрежелер боюнча жана сүйлөө органдарынын артикуляциялык жардамы менен аларды айтат. Угуучу тарап айтылган ойду кабыл алат же ага карата айтылып жаткан ойдун мазмунун түшүнүүгө аракеттенет. Экөөндө тең, угуучуда да, айтуучуда да кабыл алуунун, таасир этүүнүн ойдун мазмунун түшүнүүгө анын андан ары уланышына карата кызыкчылык жалпылыктын болушу керек. Ал эми Т. Маразыков сүйлөшүүдө үч компонент катышарын: А) Айтуучу (адресант); Б) Туюндурулуучу информация; В) Угуучу (адресат) - деп ушул үч компонент сүйлөшүүгө катышарын белгилейт. (1. 14.)

Жер бетинде жашаган, эмгектенип, мамиле түзгөн адамдардын бардыгында эле түрдүү турмуштук муктаждыктарын канааттандыруудан жаралган ар кандай психологиялык абалда сүйлөшүү процессиндеги мындай эки тараптын болушу бардыгында эле окшош болуучу көрүнүш. Ал эми турмуштук муктаждыкты орундатуудагы түзүлгөн психологиялык ар кандай абалдарын билдирүүдөгү сүйлөшүү учурунда колдонулган тилдик каражаттардын сөздөрдүн жалпы топтому түзүлүп, ал аркылуу тигил же бул улуттук тил пайда болот. Ал эми көптөгөн муундар тарабынан иштелип чыккан сүйлөшүү ишмердүүлүгүнөн, сүйлөшүү процессинен улам тилдин өнүгүүсүнө шарттар түзүлөт.

Сөздүн негизи болуп анын мааниси семантикалык мазмуну түзөт. «Сөз – коомдук, турмуштук чындыктын, заттын, кубулуштун, окуянын материалдык чагылышы. Демек, ошол сөз менен ал атап көрсөтүп турган заттын, кубулуштун ж.б. ортосунда келип чыккан сема – сөздүн семантикалык мааниси болуп эсептелет» (2.12.) Биздин көңүлүбүз сүйлөшүүнүн мазмунунун маанисине ойду бир жерге топтоого бурулушу зарыл. Адам тилинде ар бир сөз кайсы бир предметти түшүндүрөт, аны көрсөтөт, тигил же бул предметке карата образдуулукка алып келет; кайсы бир сөздү айтканыбызда, биз тигил же бул предметти, тигил же бул көрүнүштү ар дайым түшүнөбүз. Сөздөр аркылуу сүйлөшүү процесси түзүлүп, натыйжада адам тили жаралат. Ал эми жалгыз үн аркылуу кандайдыр бир эмоционалдуу, аффективдүү абалды гана билдире алабыз. Сөздөр, тилдик каражаттар сыяктуу үндөр аркылуу предметтердин аныкталышын эч убакта түшүндүрө албайбыз. Сөздүн эң негизги функциясы анын сүйлөшүү процессинде тилдик каражат катары колдонулушу. Алар адамга предметтерге дал келүүчү образдарды атоого, чакырууга жол берет, алар өздөрү катышпаган жок учурда да предметтер менен иш алып барат. Кээ бир психологдор айткандай сөз дүйнөнү эки эсе көбөйтүүгө жол берет, мында предметтердин образдуу көргөзмөлүүлүгү менен кабыл алынышын гана эсептебешибиз керек. Баш мээбизде кабыл алынган предметтердин образын ички жан дүйнөбүздө талдап, түшүнүп, ал элестөөлөрдү атайбыз же аларга ат коөбуз. Сөз бир канча татаал функцияны аткарат предметти анализдөө мүмкүнчүлүгүн түзүп берет. Алардын маанилүү, олуттуу касиеттерин бөлөт, предметтер белгилүү бир категорияга тиешелүү экенин изилдөөгө шарт түзөт. Башкача айтканда, сөз абстрактуу каражат жана жалпылык, сырткы дүйнөдөгү предметтердин терең байланыштарын жана өз ара мамилелерин чагылдырат. Адам автоматтык түрдө татаал системадагы байланыштарды жана мамилелерди, көз алдыда турган предметти адам затынын тарыхындагы көп кылымдык татаалданган көрүнүштөрдү жаңы атоолордун атайын белгиленишин түшүндүрөт. Адамдар ортосундагы ар кандай сүйлөшүүдө жаралган психологиялык абалга карата бир нерсе жөнүндө ой, пикир айтылат б.а. кайсы-бир предмет жөнүндө билдирилет. Ар кандай сүйлөшүү кимдир бирөөгө карата кайрылуу түрүндө болот. Сүйлөшүүнүн маанилик мазмуну багыты анын эмне

түшүндүргөнүнө тиешелүү. Жандуу сүйлөшүү ал өзү эмне түшүндүрүп жатканына карабай өлчөмсүз көп көркөмдөлүп айтылат. Сүйлөшүү процесси билдирүүнүн каражаты катары өз ичине ачык-айкын, даана кыймыл жаңсоолордун, жест, мимиканы камтыйт. Жаныбарларда үндү өз каалоосун башкаларга ачык-айкын (курсагы ачканын, суу ичкиси келгенин ж.б) билдирүүдөгү, таасирдүү болгон кыймыл катары түшүнсөк болот. Ал эми адамзатынын сүйлөшүүсүндө, сөздө үн субьектинин аффективдүү абалынын өөрчүшүн тактап жана аны түшүндүрө баштайт. Адамдын сүйлөгөн сөзүндө үн сүйлөшүү каражаттары менен бирге ойду, психологиялык абалга карата эмоцияны билдирүүчү ачык-айкын маанилүү функцияны билдирет. Психологиялык абалды билдирүүдөгү эмоционалдуулук адамдын сүйлөгөн сөзүндө маанилүү роль ойнойт. Адамдын сүйлөгөн сөзүн интелектуалдаштырууда аны ой жүгүртүүнүн курамына айландыруунун өзү бүтүндөй туура эмес. Психологиялык абалды туюндурууда эске алуучу эмоционалдык маанилүү даана компоненттер бар, алар ритмдерде, паузаларда, интонацияларда, үндүн меллодиясында көп жана аз даражада ар дайым сүйлөшүү учурунда кездешет. Өзгөчө оозеки сүйлөшүүдө, айтууда ошол эле учурда жазууда да ритмди сөздө коюу, жайгаштырууда болушу мүмкүн. Психологиялык абалды билдирүүдө адамдын сүйлөгөн сөзү чектелүү келип, сүйлөп жатканда токтолуу, такалуу учурлар да орун алат, ошол эле мезгилде бир гана жакшы билимдердин, акылдын, аң-сезимдин деңгээлине негизделип, ал адамдын эмоционалдык мамилелерин, ал эмне жөнүндө сүйлөп жатат, ал кимге кайрылып жатат ошого жараша билдирилет. Психологиялык абалга карата ал айтылган сөз эмнеси менен ачык-айкын, так, даана болгонун айтууга болот, тилде эле эмес, ачык-айкын айтылган сүйлөшүүдө айтуучунун жүзү, өзүнүн деңгээли көрүнөт.

Сүйлөшүү психологиялык абалга карата адамдын түрдүү оюн билдирүүнүн каражаты болуу менен бирге эле сүйлөшүү процесси ошол эле мезгилде таасир этүүнүн да каражаты болуп саналат. Адамдын сүйлөгөн сөзүндө таасир этүү функциясы – анын эң негизги бирден-бир кызматы болуп эсептелет. Адамдар бири-бирине таасир этүү үчүн эле сүйлөшүшпөйт, алар ички ойлорун, тышкы көрүнүштөргө болгон көз караштарын, идеяларын тийиштүү каражаттар аркылуу билдирип түрдүү эмоциялык сезимдерин, маанайларын түшүндүрүшөт. Ал эми алардын жүрүм-турумуна, ой жүгүртүүсүнө же сезимине, башка адамдардын аң-сезимине тикеден-тике таасир этүүчү башка факторлор бар экенин да унутпашыбыз керек. Мына ушундай таасир этүүчү факторлорду санап, атоо менен бирге Г.А.Ковалев төмөнкүдөй бөлүштүрөт: 1). Экологиялык таасир этүү, бизди курчаган жаратылыштык кубулуштардын ички психикага, туюмубузга таасир эиши; 2). Социалдык таасир этүү, башкача айтканда, өздөрү аралашып жаткан коомдук чөйрөнүн таасири; 3). Тарыхый, рухий жана материалдык байлыктардын жан дүйнөбүзгө таасир этиши; 4). Өзүнө өзү таасир этүү болуп саналат. Ал адамдын ички жекече физикалык, психикалык жана чыгармачылык жөндөмдүүлүгүнө жараша болот. Адамдын өзүнө өзү ички аракеттенүүсү, таасир этүүсү ички жан дүйнөбүздүн жаралышына да шарт түзөт.” (3. 6.) Адам психикасы өзүнүн ички оюн жана сырткы таасирлерди да кабыл алып жөнгө салып турат. Адамдын өзүнө өзү таасир этүүсү бул анын ички контуру, ал эми калгандары адам психикасына таасир этүүчү сырткы контур болуп эсептелет.

***Адабияттар***

1. *Маразыков Т.* Текстке лингвистикалык талдоо. 1-китеп.
2. *Өмүралиева С.* Кыргыз тили. – Бишкек. 2005.
3. Психолингвистические проблемы массовой комуникации. (отв. ред. Д.ф.н. А.А.Леонтьев) М., «Наука», 1974.

Речевое воздействие в сфере массовой комуникации. М., «Наука», 1990.